| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>АК-СУУ РАЙОНУ<br><br>ТЕПЛОКЛЮЧЕНКА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АК-СУЙСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ТЕПЛОКЛЮЧЕНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**XXVIII чакырылыштын кезектеги 18-сессиясы**

**ТОКТОМ**

26.01.2024 № 16 **Теплоключенка айылы**

**Садабаев Малик Мухтарбекович жеке менчик жерин өз ыктыяры менен коомдук муктаждыкка берип жатканына байланыштуу ордуна башка жер тилкесин берүүгө макулдук берүү жөнүндө**

Айыл өкмөтүнүн сунушун эске алып, айылдык кеңештин муниципалдык менчик (жер, мүлк), айыл чарбасы (ЖКБФ, СПА), жаратылыш ресурстары, архитектура, курулуш жана экология маселелери боюнча туруктуу комиссиянын протоколун карап, талкууга алып, айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

1. Саркынды сууларды тазалоочу курулманы курууга трансформацияланып жаткан 4.20 га (№464-0,90 га, №466-0.40 га, №467-0,30 га, №465-0.80 га, №469-1,80 га) жер тилкесине катар жайгашкан жеке менчигине таандык болгон 1350 чарчы метр жерин Садабаев Малик Мухтарбекович өз ыктыяры менен коомдук муктаждыкка берип жаткандыгына байланыштуу айыл өкмөтүнүн карамагына алууга макулдук берилсин.
2. Ал жердин ордуна Садабаев Малик Мухтарбековичке башка жерден жер участкасын берүүгө макулдук берилсин.
3. Токтом айыл өкмөтүнүн сайтына жайгаштырылып, юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Ш.Кобонбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **А.И.Алмабеков**